И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 10.19.594. диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын Шаршеева КамиляКаныбековнанын «Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилери менен байланышы» деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине1-расмий оппоненттин берген

## ПИКИРИ

**Диссертациялык кеңеште корголо турган кандидаттык иштин адистикке тиешелүүлүгү.** Шаршеева КамиляКаныбековнанын «Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилери менен байланышы» аттуу кандидаттык иши диссертациялык кеңештин багытына шайкеш келет. Иштеги изилдөөнүн мазмуну10.02.01 – кыргыз тили адистигине дал келет.

**Изилдөөнүн максаты**–кыргыз тилинин фактысында кыймыл-аракеттин чактык локалдашуу семантикалык категориясынын маани-мазмунун, туюнтуу каражаттарын, сүйлөм ичиндеги аспектуалдык маанилерин, өз ара аракеттешүү мүнөзүн системалуу түрдө изилдөө. Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттерди** аткаруу талап этилет:

1) Кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук маселесинин жалпы жана орус тил илимдеринде изилденишин камтыган илимий адабияттарды аналитикалык серептен өткөрүү аркылуу диссертациялык изилдөөнүнтеориялык базасын түптөө;

2) кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук категориясын уюштуруучу негизги каражаттардын бири болгон этиштик түр категориясынын жалпы жана орус тил илимдеринде, түркологияжана кыргыз

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№10-10-26 «18» 03 2022 ж/г

олуттуу маселелердин бүгүнгө чейин атайын иликтенбегендиги менен аныкталат.

**2. Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы.**

Аспектологиялык парадигманын алкагында жалпы жана орус тил илиминде түр же аспект категориясынын маани-маңызын аныктоого, аны уюштуруучу каражаттарды тактоого, кыймыл-аракеттин өтүш мүнөзүн билдирген аксионсарттык мааниден айырмалоого, түр менен кыймыл-аракеттин өтүш ыкмасын бириктирген жана түрдүү деңгээлдеги тилдик каражаттар аркылуу туюнтулган өзгөчө функционалдык-семантикалык категориянын табиятына, этиштик түрдүн жалпы теориясын иштеп чыгууга байланыштуу Э.Кошмидер, Ю.С.Маслов, А.В.Бондарко, А.М.Пешковский, А.А.Потебня, Ф.Ф.Фортунатов, А.А.Шахматов, В.В.Виноградов, А.Серебренников, А.М.Шелякин, А.Мазон, Л.Размусен, А.В.Исаченко, Ф.Копечный, Е.Кржижкова, П.С.Кузнецов сыяктуу окумуштуулардын эмгектери, түрк тилдеринде орус тилинен айырмаланган түр категориясы орун алат деген пикирди тутунган Н.И.Ашмарин (чуваш), Н.К.Дмитриев (башкыр), А.А.Юлдашев (башкыр), А.Н.Кононов (өзбек), В.А.Ганиев (татар), Д.М.Насилов (өзбек, алтай), А.Боровков (уйгур), Н.Оралбаева (казак), Д.Бердыев (түркмөн), М.Содикова (өзбек), Р.М.Бирюкович (чулум) ж.б.лардын изилдөөлөрү, ошондой эле кыргыз тилинин фактысында түр маселесине арналган Б.Орузбаева, С.Давлетов, С.Кудайбергенов, А.Карыбаев, Б.Касымованын иликтөөлөрү териштирилип, тиешелүү көз караштар, концепциялар кылдат анализден өткөрүлгөн.

Диссертациялык изилдөөнүн жаңылыктары катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

1. Кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категориясынын уюштуруучу негизги каражаттарынын бири болгон этиштин түр категориясынын изилдениш тарыхын ачып берүүгө багытталган жалпы жана орус тил илиминде, түркология жана кыргыз тил

илиминде аткарылган олуттуу изилдөөлөргө, алардын негизинде жазылган фундаменталдуу эмгектерге аналитикалык серептин жасалышы;

2. Семантикалык категориянын функционалдык өңүтүнө жана кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулугуна байланыштуу маселелердин териштирлиши жана диссертациялык изилдөөнүн теориялык базасынын түптөлүшү;

3. Чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук категориясын уюштурган семантикалык талаанын түзүлүшүнө жана компонентик курамына байланыштуу фактылардын аныкталышы;

4. Кыргыз тилиндеги чактык локалдашуунун кыймыл-аракеттин узакка созулушун жана анын түрлөрүн туюндурган каражаттардын аныкталышы;

5. Кыргыз тилиндеги чактык локалдашпоонун кыймыл-аракеттин жөнөкөй кайталануучулугу, узуалдуу-адаттуулугу, убакыттын жалпылыгы сыяктуу негизги үч тиби менен аларды туюндурган каражаттардын аныкталышы.

**3. Теориялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү.**

Кыргыз тилинин фактысында кыймыл-аракеттин чактык локалдашуу семантикалык категориясынын маани-мазмунун, туюнтуу каражаттарын, сүйлөм тутумундагы аспектуалдык маанилерин, алардын өз ара аракеттешүү мүнөзүн системалуу түрдө изилдөө максатын көздөгөн диссертациялык изилдөөнүн теориялык жыйынтыктары кыргыз тил таанымындагы функционалдык лингвистика багытынын теориялык негиздерин түптөөгө, изилдөө методдорун тактоого, өнүктүрүүгө, аталган багыттын терминологиялык базасын иштеп чыгууга, кыймыл-аракеттин чакталыш категориясын илимий нукта түшүндүрүүгө жол ачып, өбөлгө түзөрү анык. Иштин ар баскычында тилдик фактыларды топтоо, сыпаттоо, салыштыруу, байкоо, системалаштыруу, функционалдык-семантикалык анализ, интерпретация сыяктуу бир катар лингвистикалык методдор комплекстүү түрдө пайдаланылган.

Диссертациялык иште сунушталган илимий-теориялык жоболор жана алынган натыйжа-табылгалар кыргыз тилинин функционалдык грамматикасына тиешелүү маселелерди иликтөөдө өз салымын кошору бышык. Иштин теориялык мааниси кыймыл-аракеттин чактык локалдашуу семантикалык категориясына көп вектордуу функционалдык илик жүргүзүлгөндүгү аркылуу аныкталат. Диссертация жеке илимий-квалификациялык иш катары жана анда иштелип чыккан теориялык жоболордун курамы илимий жетишкендик жана концепция катары бааланат.

**4. Изилдөөнүн практикалык мааниси.**

Диссертациянын жыйынтыктары, материалдары илимий-изилдөөчүлүк, билим берүүчүлүк практикалык мааниге ээ. Тактап айтканда, алар кыргыз тилинин функционалдык грамматикасы, лингвистикалык семантика, этиштин семантикасы боюнча жождордо филология, түркология, журналистика факультеттеринде лекцияларды окууда, морфология, синтаксис жана этиштин өзгөчө семантикалык категориялары боюнча семинардык сабактарды, атайын курстарды өтүүдө, грамматикалык сөздүктөрдү жасоодо, студенттер, магистранттар, аспиранттар жана Phd докторанттар үчүн окуу-методикалык куралдарын иштеп чыгууда пайдаланса болот.

**5. Изденүүчүнүн проблемага байланыштуу изилдөөгө кошкон салымы.**

Лингвистикалык аспектология багытында топтолгон илимий тажрыйбаны өздөштүрүү жана анда орун алган көзкараштарды териштирип талдоо аркылуу кыргыз тилинин фактысында кыймыл-аракеттин чактык локалдашуу семантикалык категориясынын маани-мазмунун, туюнтуу каражаттарынын ар түрдүүлүгүн, сүйлөм тутумундагы аспектуалдык маанилеринин мүнөзүн системалуу түрдө изилдөө ишинин ишке ашырылышын жана андан тиешелүү натыйжалардын алынышын изденүүчүнүн илимге кошкон жеке салымы деп эсептөөгө болот.

**6. Эксперименталдык жана бейнелеме материалдары.**

Диссертацияда кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук жана локалдашпоочулук семантикасын бейнелеген көптөгөн материалдар кеңири пайдаланылган. Мындай материалдардын корпусун элибиздин көрүнүктүү жазуучулары К.Баялинов, М.Элебаев, Т.Сыдыкбеков, К.Жантөшев, К.Маликов, У.Абдукаимов, Ч.Айтматов, Т.Касымбеков, М.Байжиевдин чыгармалары түзөт. Көркөм тексттердин бул корпусу изилдөөдөн алынган натыйжалардын объективдүүлүк даражасын дээрлик арттырат.

**7. Жанылык жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү.**

1-жыйынтык жарым жартылай жаңы, анткени түр категориясынын изилдениш тарыхын ачып берүүгө багытталган аналитикалык сереп кыргыз тил илими үчүн жаңы, бирок жалпы тил илими үчүн жаңы эмес;

2-жыйынтык жарым жартылай жаңы, себеби семантикалык категориянын функционалдык өңүтүнө жана кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулугуна байланыштуу маселелердин териштирлиши жана диссертациялык изилдөөнүн теориялык базасынын түптөлүшү кыргыз тил илими үчүн жаңы, бирок жалпы тил илими үчүн жаңы эмес;

3-жыйынтык жаңы, анткени чактык локалдашуу/локалдашпоо категориясын уюштурган семантикалык талаанын компоненттик түзүлүшүнө байланыштуу фактылардын аныкталышы кыргыз тил илими үчүн жаңы деп табылат;

4-жыйынтык жаңы, анткени кыргыз тилиндеги чактык локалдашуунун кыймыл-аракеттин узакка созулушун жана анын түрлөрүн туюндурган каражаттардын аныкталышы кыргыз тил илими үчүн жаңы деп табылат;

5-натыйжа да жаңы, анткени кыргыз тилиндеги чактык локалдашпоонун кыймыл-аракеттин жөнөкөй кайталануучулугу, адаттуулугу (узуалдуулугу), убакыттын жалпылыгы сыяктуу негизги үч тибинин жана аларды туюндурган каражаттардын аныкталышы кыргыз тил илими үчүн жаңы экени талашсыз.

**7. Жаңылык жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү**

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар менен жоболор кыргыз тил илиминин өркүндөшүнө олуттуу салым кошот жана келечекте кыргыз функционалдык грамматикасынын бир тармагы катары морфологиялык семантиканын сүйлөм чегиндеги темпоралдык жана аспектуалдык маанилерин ачып көрсөтүү өбөлгө түзөт. Алар изденүүчүнүн илимий базаны, анын изилдөө методдорун терең өздөштүрүп, аларды өз ишинде ийкемдүү пайдалангандыгынан, лингвистиканын, анын ичинде аспектологиянын жетишкендиктерин терең өздөштүргөндүгүнөн кабар берет. Ушундан улам иликтөөнүн жыйынтыктарынын далилдүүлүгү ишенимдүү, ынанымдуулук даражасы жогору. Изилдөөнүн деңгээли кандидаттык диссертациянын квалификациялык белгилерине толук жооп берет.

**8. Автор алган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси.**

Диссертациялык изилдөөдө алынган илимий натыйжалар, чыгарылган жыйынтыктар ички биримдикке, логикалык ырааттуулукка ээ болуу менен бири биринин маани-маңыз жактан толуктап турат. Ошол эле маалда аталган изилдөөнүн илимий-практикалык мааниси функционалдык лингвистика менен лингвистикалык аспектологиянын актулдуу проблемаларына шайкеш келип, бул багыттын кыргыз тил илиминде калыптанышына өбөлгө түзөт.

**9. Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо.**

Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу, анда коюлган максат-милдеттердин толук аткарылышы, иликтөөдө колдонулган методдордун комплекстүүлүгү, чыгарылган корутундулардын негиздүүлүгү изденүүчүнүн аталган проблеманы илимий-теориялык жана практикалык жактан жеткиликтүү чечүүгө жөндөмдүү экендигин тастыктайт. Иш кыргыз тилинин фактысында жана функционалдык грамматиканын алкагында аткарылган баалуу изилдөө деп табылат.

**10. Тилдин илимий, стилистикалык жана логикалык өзгөчөлүктөрү.**

Автордун жазуу стили илимий стилдин талаптарына жооп берет. Ойду берүүдө жана терминдерди которууда ырааттулук сакталган. Автореферат

диссертациялык иштин мазмунун туура жана толук чагылдырат. Авторефераттын эки нускасынын тең мазмуну КР УАК талаптарына толук жооп берет.

**11. Сын-пикирлер жана сунуштар:**

1) диссертациялык иште түркология менен кыргыз тил илиминде аткарылган айрым изилдөөлөрдүн (М.Жолшаева, Р.Абуталипова, Э.Гаджиев ж.б.) эске алынбай калышы;

2) изилдөөнүн теориялык өбөлгөлөрү боюнча жүргүзүлгөн жана батыш түркологиясынын аспектология багытын түптөгөн Юхансондун фундаменталдуу эмгегине илимий серептин жасалбай калышы;

3) кортундуда ишти клечекте кайсы багытта улантуу керектиги жөнүндө маалыматтын берилбей калышы;

4) диссертациянын текстинде да, авторефератта да техникалык мүнөздөгү терминологиялык, орфографиялык пунктуациялык жана стилистикалык калпыстыктардын учурашы: *түр категориясынын жасалышы эмес, уюшулушу* (43), *лексико-грамматикалык эмес, лексика-грамматикалык каражаттар* (19, 37, 85, 159), *жалпылоочу-өздүк эмес, жалпылоочу-жакчыл (обобщенно-личные) конструкция* (121), *чактык локалдашуучулугу/локалдашпоочулугу семантикалык категориялары эмес, категориясы* (4, автореф.) ж.б.

Жогорто белгиленген мүчүлүштүктөр иштин жалпы мазмунуна доо кетире албайт.

**К.К.Шаршееванын диссертациялык ишинин квалиметрикалык матрица боюнча бааланышы.**

Матрица 10 пунктан турат. Бул пунктар диссертациялык ишке толук мүнөздөмө бере алат. Ар пункт 10 баллдык шкала боюнча эсептелет жана 10дон 6га чейин, 10дон төмөн каралат. Берилген баллдар кошулат, андан алынган 10 позициянын суммасы иштин сапатын аныктайт. Эгерде иш 60 баллдан төмөн болуп калса, иш талапка жооп бербейт деп аныкталат. Ал эми

60тан 100 чейинки балл болсо, илимий ишти объективдүү караганга жол ачылат.

| № | Баалоо параметрлери | 10 | 9 | 8 | 7 | 6 | баа-ры |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу | + | | | | | 10 |
| 2. | Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы | | + | | | | 9 |
| 3. | Теориялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү | + | | | | | 10 |
| 4. | Иштин практикалык мааниси. | | + | | | | 9 |
| 5. | Изденүүчүнүн проблемга байла-ныштуу изилдөөгө кошкон салымы | | + | | | | 9 |
| 6. | Эксперименттик жана бейне материалдары | | | + | | | 8 |
| 7. | Жаңылык жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү | | + | | | | 9 |
| 8. | Автор алган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси | | + | | | | 9 |
| 9. | Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо | | + | | | | 9 |
| 10 | Иштин тили, стили жана логикалык өзгөчөлүктөрү | | | + | | | 8 |
| 11 | Жалпы балл | 20 | 54 | 16 | 0 | 0 | 90 |

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилиндеги кыймыл-аракеттин чактык локалдашуу семантикалык категориясынын маани-мазмунун, туюнтуу каражаттарын, сүйлөм ичиндеги аспектуалдык маанилерин, өз ара аракеттешүү мүнөзүн системалуу изилдөөгө арналган Шаршеева Камиля

Каныбековнанын «Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилери менен байланышы» деген темада филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык иши жеке эле кыргыз тили үчүн эмес, жалпы түрк тилдери үчүн да олуттуу теориялык жана практикалык маселелерди камтыган илимий-квалификациялык эмгек деп табылат жана КР ЖАКнын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп берет. Ал эми анын автору Шаршеева Камиля Каныбековна 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу.

**Биринчи расмий оппонент, филология**
**илимдеринин доктору, профессор,**
**К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик**
**университетинин кыргыз жана**
**түрк тилдеринин теориясы**
**кафедрасынын профессору** ______ **Т.САДЫКОВ**

15-03-2022

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«15» 03 2022 ж.